# ТРАНСПОРТ И МАШИНОСТРОЕНИЕ

УДК 625.712.1(575.2)

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ШААР ЧЕТИНДЕГИ КАЛКТУУ АЙМАКТАРЫНДАГЫ ЖОЛ КЫЙМЫЛЫН ИЗИЛДӨӨ

***Кадыров Эрмек Тургамбаевич,*** *И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин "Ташууларды уюштуруу жана кыймыл коопсуздугу" кафедрасынын окутуучусу. Бишкек ш.* kadet-dosoi@mail.ru

Макалада Кыргыз Республикасындагы шаар четиндеги калктуу аймактарындагы жол кыймылынын изилдөө боюнча суроолор каралган.

**Түйүндүү сөздөр:** жол кыймылын изилдөө, жол кыймылынын изилдөөсүнүн классификациясы, кыймыл коопсуздугу, шаар четиндеги калктуу аймактардагы жол кыймылынын көйгөйлөрү.

## ИССЛЕДОВАНИЕ ДОРОЖНОГО ДВИЖЕНИЯ В ПРИГОРОДНЫХ НАСЕЛЕННЫХ ПУНКТАХ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

***Кадыров Эрмек Тургамбаевич,*** *Преподаватель кафедры «Организации перевозок и безопасность движения» Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова, г. Бишкек.* kadet-dosoi@mail.ru

В статье рассмотрены вопросы по проведенному исследованию дорожного движения в пригородных населенных пунктах Кыргызской Республики.

**Ключевые слова:** исследование дорожного движения, классификация исследований дорожного движения, безопасность движения, проблемы безопасности движения в пригородных населенных пунктах.

## A STUDY OF THE ROAD IN A SUBURBAN TOWNS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

***Kadyrov Ermek Turganbaevich,*** *Lecturer of the Department "Organization of transportation and traffic safety"Kyrgyz State Technical University. I. Razzakova, Bishkek.* kadet-dosoi@mail.ru

In the article the questions in the survey of the road in a suburban towns of the Kyrgyz Republic.

**Keywords**: traffic study, classification of traffic studies, traffic safety, the problems of traffic safety in suburban settlements.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын жол тармагы унаа агымынын интенсивдүүлүгүнө туруштук бере албай келет, ошондой эле айдоочулардын жол кыймылынын эрежесине кайдыгерлиги, совет доорундагы иштелип чыккан эффективдүү эмес жол кыймылынын уюштуруу схемалары жана автожолдорунун элементтери заманбап унаалардын кыймыл шартына ылайыкталбаганы өңдүү көйгөлөрү бар.

Изилдөө – жол кыймылы үчүн зарыл базис, изилдөөсүз жол кыймылынын иштешин жана өнүгүшүн элестетүү кыйын. Туура  чечим чыгарууга изилдөөдөн гана алынган толук жана так маалымат болушу керек

1-сүрөттө керектүү маалымат алуу ыкмасына негизделген кеңири колодонулган жол кыймылынын мүнөздөрүн жана шарттарын изилдөө ыкмалары колдонулган[1, 78-79 б].




1-Сүрөт. Жол кыймылын изилдөө ыкмаларынын классификациясы

Документалдык изилдөө. Материалды изилдөө обьектине чыкпастан текшерүү (камералдык шарттарда).

Натурдук изилдөө. Аныкталган убакытта болуп жаткан жол кыймылынын айкын көрсөткүчтөрүн жана шарттарын аныктоо. Кеңири таралган, ар түрдүүлүгү менен айырмаланат, жол кыймылынын абалы тууралуу анык маалыматты алуучу жалгыз ыкма болуп саналат

Жол кыймылынын процессинин моделдөө, унаа агымынын баяндоо, сүрөттөө үчүн математикалык ыкмаларды колдонууда негизделет.

Жол кыймылынын заманбап абалын түздөн-түз жол кыймылынын катышуучулары – унаа каражаттарынын айдоочулары сезишет. Ушул айдоочулардын арасында сурамжылоо-анкеталык изилдөө жүргүзүлгөн. Бишкек шаарына күнүнө экиден кем эмес жолу каттаган айдоочулар тандап алынып, сурамжылоого катышышты. Анкетада, айдоочуга, унаа каражатына тиешелүү жана кыймылдын каттамын мүнөздөөчү суроолор камтылган.

Жүз элүү айдоочу сурамжылоого катышышты, басымдуу бөлүгүн шаар четиндеги каттамдар боюнча жеке ташуулар менен иш алып барган айдоочулар түздү, алардын ичинде менеджерлер, мугалимдер, жеке ишкерлер ж.б. бар. Респонденттердин курагы эркектердики 20дан 60 жашка чейин жана аялдардыкы 27ден 43 жашка чейин куракты түздүү Айдоочулук стажы эркектердики 27ден 43 жылга чейин жана аялдардыкы 2ден 9 жылга чейин (2-сүрөт).




2-сүрөт. Сурамжылоонун натыйжалары

Ошондой эле унаа каражаттарынын түрү, чыгарылган жылы жана узата огуна жараша рулдун жайгашканы эске алынды. Автомобилдер үч шарттуу топко бөлүндү:

1. Жеңил автомобилдер

1.1. Автомобилдин сол тарабында жайгашкан рулдуулар (сол рулдуулар);

1.2. Оң рулдуулар.

2. Максималдуу массасы 3,5 тга чейинкилер, микроавтобустар кошулган;

3. Максималдуу массасы 3,5 тдан жогорулар

Жеңил автомобилдердин саны 100 даананы түздү, башкача айтканда изилдөөгө катышкан автомобилдердин жалпы санынын 67% анын ичинен 30у оң рулдуулар же болбосо изилдөөгө катышкан автомобилдердин жалпы санынын 20% же жеңил автомобилдердин 30% Максималдуу массасы 3,5 тга чейинкилер – экинчи топтун автомобилдери – 40 даана (27%) жана максималдуу массасы 3,5 тдан жогорулар10 даана (7%) (3-сүрөт).




70 (70%/46%) – сол рулдуу автомобилдердин саны (% жеңил автомобилдердин санынан / % автомобилдердин жалпы санынан);
30 (30%/20%) – оң рулдуу автомобилдердин саны (%жеңил автомобилдердин санынан / % автомобилдердин жалпы санынан).
3-сүрөт. Изилдөөгө катышкан автомобилдердин саны

Автомобилдердин чыгарылган жылдары 1988-жылдан 2013-жылга чейинки аралыкты түздү. 1988-1996 жана 1997-2004 жылдары чыккан автомобилдердин саны ар бир аралыкта 54төн – 36%, ал эми 2005-2013 жылкы аралыктагы унаалардын саны 42 даананы автомобиддердин жалпы санынан 28% түздү(4-сүрөт).




4-сүрөт. Автомобилдердин чыгарылган жылы боюнча саны.

Каттамда (жолдо) кандай кыйынчылыктар пайда болот? Атту суроого респондеттердин көпчүлүгү жолдун начар абалын жана жол кыймылынын катышуучуларынын ылдамдык режимин жана жол кыймылынын эрежесинин жөнөкөй талаптарын сактабоосо, ошондой эле жолдун туурасынын жетишсиздигинен келип чыккан унаа тыгындарын белгилеп кетишти. Жөө жүргүнчүлөрдүн тоскол болуусу, начар көрүнүмдүүлүк жана аба ырайына байланышкан тоскоолдуктар деген жооптор жок эмес. Берилген суроого жоопторду иштеп чыгуу максатында, респонденттердин суроосун үч шартту топко бөлдүк (5-сүрөт):

1. Жол кыймылын уюштуруудагы (ЖКУ) кыйынчылыктар. Бул топко жолдун туурасынын кууштугу, унаа тыгындары, жол шарттарынын ылайыкталбаганы, жол кыймылын уюштуруучу техникалык каражаттарга (ЖКУТК) (жол белгилери, жол чийиндери) байланышкан кыйынчылыктар ж.б. киргизилген.
2. Жол кыймылынын эрежесинин (ЖКЭ) сактабоосо. Бул топто ылдамдык режимин сактабоо, жол кыймылынын катышуучуларынын ЖКЭнин сактабоосу, жүргүнчүлөрдүн тоскол болуусу (унаа ичинде жана сыртында жүргүнчүлөрдүн тоскоол болуусун микроавтобустун айдоочулары белгилеп кетишти) ж.б.
3. Кыйынчылыктар жок. Кыйынчылыктар байкалбаганын айткан жана суроого жооп бербеген респонденттердин жооптору.




5-сүрөт. Каттамдагы кыйынчылыктарга байланышкан респондеттердин жооптору

Жолдогу тоскоолдуктары аныктөөгө көздөлгөн кийинки суроого жооптор төмөнкүдөй болду: жөө жүргүнчүлөр, малдар, айыл-чарба техникасы, жай жүрүүчү жана механикалык эмес унаа каражжаттары, жол кырсыктары, жол кайгуул кызматынын посттору ж.б.у.с. (6-сүрөт)



6-сүрөт. Каттамдагы тоскоолдуктарга байланышкан респондеттердин жооптору

Азыркы учурдагы жол шарттары катышуучулардын 48% - 72 адамды канааттандырат жана 52% - 78 адамды канааттандырбайт. (7-сүрөт).



7-сүрөт. "Жол шарттары канааттандырабы?" суроосуна респондеттердин жообу

Каттамда коопту жол тилкелери (калктуу аймактардын, мектептердин жанында, белгилүү жерлер) көп кездешеби? Суроосуна айдоочулардын 56% көп кездешет деп жооп беришти. (8-сүрөт).



8-сүрөт. "Каттамда коопту жол тилклери көп кездешеби?" суроосуна жооптор

Заманбап автомобилдердин эксплуатациялык касиеттери Кыргыз Республикасынын автожолдорунун техникалык мүнөздөрүнө ылайык келбегени сыр эмес, ушуга айдоочулардын 56% макулдугун айтып өтүштү. (9-сүрөт)




9-сүрөт. “Сиздин автомобилдин эксплуатациялык касиеттерине автожолдордун техникалык мүнөздөрү ылайык келеби?” суроосуна респондеттердин жооптору

Кыймыл шарттары сутканын убактысы, метеорологиялык шарты боюнча кескин өзгөрөт. Жооптор кийинки критерийлер боюнча топтолду (10-сүрөт):

1. Жолдордун жүгү көптүгү. Транспорт тыгындары и т.п.
2. Көрүнүмдүүлүктүн начарлыгы. Карама каршы багыттагы автомобилдердин фарасынын жарыгы, күндүн жарыгы ж.б.
3. Өзгөчөлүктөр жок.




10-сүрөт. “Эртең мененки жана кечки убакыттагы каттамдагы жүрүү өзгөчөлүктөрү?” суроосуна респондеттердин жообу

Сурамжылоого катышкан айдоочулардын көпчүлүгү, үчөөнөн башкасы, калктуу аймака жакындаганда ылдамдыкты төмөндөткөндүгүн жооп катары айтышты, себеби ЖКЭнин талаптарын (ылдамдык режимин) сактоосун белгилеп кетишти. Акыркы ушул көйгөйлөрдү чечүүчү кандай чечимдерди, жолдорду сунуштайсыз дегенде, айдоочулар бийликтин аракетсиздигинен баштап жолдорду заманбап талаптар боюнча кайра калыбына келтирүүсүнө чейин жоопторунда көрсөтүштү.

Өткөрүлгөн изилдөө Кыргыз Республикасындагы шаар четиндеги калктуу аймактарындагы жол кыймылынын абалын сүрөттөйт жана жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуу, өркүндөтүү боюнча ыкчам ж.б. чараларды көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Изилдөөнүн натыйжалары баалуу жана окуу, практикалык максатта колдонулушу толук мүмкүн.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**

1. Клинковштейн Г. И., Афанасьев М. Б. Организация дорожного движения: Учеб. для вузов.– 5-е изд., перераб. и доп. – М: Транспорт, 2001 – 247 с.